DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Таиров К.А., Шеров Ш.Б.*

# СҮЛҮКТҮНҮН ШААРГА АЙЛАНУУСУНДАГЫ ЧАРБАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ШАРТТАРЫ (XIX-к. аягы XX-к. башы)

*Таиров К.А., Шеров Ш.Б.*

# ХОЗЯЙСТВЕННО-ЭКОНОМИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ПРЕВРАЩЕНИЯ СУЛЮКТЫ В ГОРОД (конец XIX - начало XX вв.)

*K. Tairov, Sh. Sherov*

# ECONOMIC AND ECONOMIC CONDITIONS THE TRANSFORMATION OF SULUKTA INTO A CITY (late XIX - early XX centuries)

*УДК: 93/94*

*Макалада Сүлүктүдөгү көмүр кендеринин айланасына жайгашып туруктуу жашоого бет алган элдин турмушунда турак жайларды куруу өзгөргөнү, бул аймактын шаарга өсүп чыгышынын саясий, чарбалык-экономикалык өбөлгөлөрү каралды. XIX к. экинчи жарымынан тарта Сүлүктүдө көмүр казуудан башталган жумуш, бул аймакты ири көмүр кенине айландырып, кенчи-жумушчулардын тобу түзүлгөн, жумушчулардын шаарчасы түптөлгөн. Казылган көмүр отун энергетикасы катары Борбордук Азиянын өнөр жай ишканаларына ташыла баштаган. Кендерге жакынкы аймактардан келген элдер алгач көмүр өндүрүшүнүн айланасында убактылуу отурукташса, кийинчерээк туруктуу жашай баштаган. Көмүр кендериндеги жумуш айылдык элдин чарбалык-экономикалык багытын өзгөрткөн. Анткени, мурда дыйканчылык жана мал чарбасы менен алектенгендер шахтердук адистиктерди өздөштүрө башташкан. Сүлүктүдө жаңы чарбалык-экономикалык уклад жаралып, көмүр өндүрүшүнүн натыйжасында кендин аймактары шаарга айланган.*

***Негизги сөздөр:*** *көмүр кен, социалдык, экономикалык, абал, чарбалык, нук, өндүрүш, аймак, шаар.*

*В статье рассматриваются изменения жилищного строительства в жизни людей, живущих в окрестностях угольных шахт Сулюкта и изменения социально-экономических условий. Во второй половине XX века в Сулюкте началась добыча угля, превратив этот район в большую угольную шахту, появился рабочий класс и рабочий городок. Добытый уголь стал транспортироваться на промышленные предприятия Центральной Азии. Люди, приехавшие из близких сел к шахтам, сначала селились вокруг добычи угля, но позже осели. Работа на угольных шахтах изменила экономическое направление сельского населения. Ведь горное дело начали изучать те, кто раньше занимался земледелием и животноводством. В Сулюкте была создана новая экономическая структура, и в результате добычи угля в участках месторождения постепенно превратился в город.*

***Ключевые слова:*** *угольная шахта, социально, экономическое, положение, экономический, уклад, производство, регион, город.*

*The article examines changes in housing construction in the lives of people living in the Sulukta coal mines, as well as changes in socio-economic conditions. In the second half of the 12th century, coal mining began in Sulukta, turning the area into a large coal mine, and a working class and a working-class town emerged. The mined coal began to be transported to industrial enterprises in Central Asia. People who came from nearby villages to the mines first settled around coal mining, but later settled. Coal mining changed the economic direction of the rural population. After all, mining began to be studied by those who used to be engaged in agriculture and animal husbandry. A new economic structure was created in Sulukta, and as a result of coal mining, areas of the deposit were gradually turned into the city.*

***Key words:*** *coal mine, socio, economic, situation, economic, flow, production, region, city.*

Табигый баалуу кең байлыктары мол Кыргызстандын түштүгүндөгү Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Таш-Көмүр, Айдаркен, Кадамжай өңдүү ири кору бар аймактар Орусиянын муктаждыктарын канааттандыруу кызыкчылыгына айланган. Алардын көпчүлүгүндө шаардын аймагындагы өндүрүш, шаарды түзүүчү болуп эсептелген. Мына ошондой шаарлардын бири азыркы Сүлүктү шаары эсептелинет.

Сүлүктү көмүр кенин иштетүүнү колго алган Орус империясынын полковниги П.Г.Фавицкий болгон. Ал азыркы түндүк Тажикстандын аймактарын басып алуунун башталышында, 1867-жылдын башында Коженттин коменданты, (П.Г.Фавицкий) болуп турган. Кыргызстандын аталган аймактары Орус империясынын карамагына толук каратылуусунун алдында 1868-ж. чейин Сүлүктү көмүр кендеринин аймактарына полковник Фавицкийдин башчылыгы астында артиллериялык бригада жиберилген. Аталган аскерлер Кокон хандыгы менен Орусиянын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык Орус империясына каратылган жерлерди коргоо максатында келишкен. П.Г. Фавицкийдин көмүр кенин тапкандыгы тууралуу Генерал-Губернаторго жиберилген каты төмөнкүдөй баяндалган:

*"Генерал-губернатор мырза 1867-жылдын май айында мен биринчилерден болуп Хеджент уездинде көмүр катмарын чалгындап таптым. Бул көмүр катмары Ходженттин түштүгүндө 45 км. Алыстыкта Сүлүктү капчыгайынын түштүк-чыгыш тарабындагы Көкөн-Сай деген жерде жайгашкан".*

Ошентип 1868-ж. П.Г.Фавицкий тарабынан көмүр кени ишке киргизилип иштей баштаган. 1909-ж. баштап Сүлүктүдө А.М. Вербов «Сүлүктү таш көмүрү

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



А.М. Вербов К» фирмасын түзүп, көмүр кендерин иштетүүнү баштаган. Бул боюнча А.М.Вербовдун Түркстан Генерал Губернаторуна жөнөткөн катында Сүлүктүдө көмүр өндүрүү максатында шериктештик түзүлгөндүгү, бул шериктештикти Акционердик коомго айландыруу максатка ылайыктуу экендиги суралган.

Орус инпериясынын келүүсү аймактагы коомдук, чарбалык-экономикалык нукту өндүрүштүк багытта өнүгүүсүн тездеткен. Анткени, көмүр кендерине карай темир жолдор курулуп, көмүрдү сатуу аймактагы элде акча-товар мамилелерин б.а., капиталисттик мамилелерди орноткон. Сүлүктүдөгү көмүр кендерин өндүрүү жана аны ташып кетүү үчүн темир жолдордун курулуусуна сырткы каржы булактарынан акча сарпталуусу аймакта инвестициялык багыт да болгондугун түшүндүрөт. Сүлүктү көмүр кендеринин экономикалык жактан кирешелүүлүгү аймакта рыноктук капиталисттик мамилелердин орнотулуусун камсыздаган. Мисалы: 1884-ж. Сүлүктүдө Тоо-кен өндүрүшүндөгү алгачкы акционердик коом түзүлгөн. Акционердик коом бир нече Борбордук Азия ишканаларынан буйуртмаларды алып иштей баштаган. Бирок, бул коом көпкө иштей алган эмес, ошондуктан бириктирилген коомдордо эмес, ишкерлер өз алдынча көмүр өндүрүүнү колго алышкан. Ошентип, 1895-ж. Көкөн-Сай участкасында биринчи жолу Петров менен Ивановдун шахталары курулган. 1906-жылы «Сүлүктү таш-көмүрү Вербов жана Ко» коому түзүлүп, мындагы майда кендерди бириктирген. Сүлүктү аймагына тоо-кен өндүрүшү тармагына жеке ишкерлерди келиши жергиликтүү элдин арасында да капиталисттик мамилелердин жайылуусуна шарт түзгөн. Сүлүктү кениндеги «Сүлүктү таш-көмүрү Вербов жана Ко» коомунун ишин жеринде Вербов менен Подуровский, алып барса, ал эми кендин кожоюну болуп Овсянников эсептелип, ал Ташкент шаарында киреше-чыгашаларды көзөмөлдөп турган. Ошентип XIX к. аягында XX к. башында Сүлүктүдө көмүр өндүрүү менен бул аймакта капиталисттик мамилелер пайда болгон деп айтууга толук негиз бар [1].

Кендерге жакынкы аймактардан келген элдер алгач көмүр өндүрүшүнүн айланасында убактылуу отурукташса, кийинчерээк туруктуу жашай баштаган. Көмүр кендериндеги жумуш айылдык элдин чарбалык-экономикалык багытын өзгөрттү. Анткени, мурда дыйканчылык жана мал чарбасы менен алектенгендер шахтердук адистиктерди өздөштүрө башташкан. Көмүр кендеринин айланасына отурукташуу окшоштугу Кыргызстандын түштүгүндөгү көмүр кендердин баарында бирдей болгондугу байкалат. С.М. Абрамзон белгилегендей «Түштүк Кыргызстанда таш көмүр өнөр жайынын өнүгүшү менен бир эле убакта көмүр кендеринин жанындагы чакан кыштактардын ордуна Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жангак жан Таш-Көмүр шаарлары өсүп чыккан [2, 260-б.].

Сүлүктүдөгү көмүр кендеринин аймагы өндүрүштүн өсүүсү менен шаар тибине жакындап барган. Алгач шахтерлор үчүн казармалардан баштап кийинчерээк аларга ыңгайлуу турак жайлар, жумушчулардын балдарына мектептер, ооруканалар, эс алуучу жайлар, кесиптик окуу пункттары ачыла баштаган. Кеңеш өкмөтү шахтерлорду тийиштүү турмуш шарты менен камсыздоого олуттуу көңүл бурган. Көмүрдү өндүрүүнүн артынан Сүлүктү 1932-ж. Жумушчулардын поселогуна, 1940-ж. шаарга айландырылган [3].

Кеңеш бийлиги орногонго чейин кол менен казылган көмүр акырындап механизациялаштырган. Башталышында 1929-ж. электрбурголоочулар пайдалана баштаган [4]. Шахталардагы мурдагы абал өзгөрүп шахтерлордун өндүрүштө коопсуздугу үчүн коопсуздук иш чаралары жүргүзүлгөн. Шахталардын ичине коллеялар, көмүр ташуучу электроарабалар колдонулуп көмүрдү өндүрүү эселеп ашкан. Алсак 1933-37-жж. 1 млн. 746 мин тонна көмүр казылып алынган. Бул 1928-1932-жж. аралыгында казып алынган көмүргө салыштырмалуу 1,9 эсе көп болгон. Ал эми Сүлүктүдө кеңеш бийлиги орногондон 1940-жылга чейин жалпысынан 4 млн. 300 мин тонна көмүр өндүрүлгөн [5]. Жогоруда көрсөтүлгөндөй Сүлүктүдө көмүр өндүрүүнүн динамикасы жогору болгондуктан, ал шаардын социалдык-экономикалык абалын туруктуу кармап турган. Ошол себептен көрсөтүлгөн мезгилде биринчиден Сүлүктүдө жаңы чарбалык-экономикалык уклад жаралса, экинчиден көмүр өндүрүшүнүн натыйжасында кендин аймактары шаарга айланган.

Сүлүктүгө борбодук Россиянын аймагынан жана коңушу элдерден келген көмүрчүлөрдүн санынын көбөйүүсү турак жайлуу konуштун көбөйүүсүнүн ылдамдыгын гана тездетпестен, үй куруу маданиятында да өзгөрүүлөргө алып келди. 1868-жылы Сүлүктү айылында 20, ал эми Таңги-Башы айылында 50дөй үй-бүлө жашап турган [2.68]. Сүлүктү кендеринин аймагында 1900-ж. соодагер Н.И.Орсеро-Храпков Ак-терек жана Шор-Булак таңгисинен көмүр казуу үчүн уруксат кагаз алышат. Бул мезгилде аталган кендин айланасында кыргыздардын 50 чакты гана үйлөрү болгон. Ошол кеңеш бийлиги орногонго чейинки мезгилде Сүлүктүдө бир гана көрүнүктүү имарат болгон, бул болсо көмүр өндүргөн жеке ишкерлер тарабынан курулган жумушчулардын казармасы. Мындай казарма же барак үйлөрдө көмүр өндүрүп иштеген жергиликтүү кыргыздар жашай алышпаган

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



анткени, алардын бул үйлөрдө жашоо үчүн төлөөгө акчасы такыр болгон эмес. Ачкадан араң келген кыргыз жумушчуларын көмүр кожоюндары адам катары караган эмес, алар эч кандай камкордукка алынбай тескерисинче басмырланышкан. Ошондуктан алар өтө шарты начар, өздөрү колдо жасап алган жер төлөө же башка үйлөрдө турушкан. Казармалар кыргыздарга берилген эмес [4, 16-б.]. Биздин баяндамачынын айтуусу боюнча бул үйлөр 12 бөлмөдөн турган, болжолдуу 550-560 кишиге ылайыкташтырылган. Бул казармалардан негизинен бозгундап келген орус, татар жумушчулары жашашкан [4, 97-б.]. Мындан сырткары кенге жакын жерлерде, майда барактар жана жер төлөөлөр болгон.

Кыргызстандын башка аймактарынан айырмаланып Сүлүктүдө *боз үй* дээрлик аз колдонууда болгон. Бул аймактардын маданиятында, каада-салтында, деги эле жашоо образында жергиликтүү башка улуттардын таасири байкалып турат, анын ичинде турак жай куруусуна Фергана өрөөнүндөгү элдеринин маданиятынын таасирин байкоого болот. Мындай пикирди биз иликтөөгө алган Сүлүктүнүн айланасындагы айыл-кыштактардагы турак жайлардын курулушу далилдейт. Андыктан, бул көрүнүш – «Көчмөндөрдүн тарыхын отурукташкан дыйканчылык элдеринин тарыхысыз же отурукташкан дыйканчылык элдердин тарыхын көчмөндөрдүн тарыхысыз изилдөө мүмкүн эмес» – деген пикирди толук тастыктайт. Бир аймакта жашаган эки башка элдердин маданиятындагы окшоштуктар жана айрмачылыктар дайыма болуп келген. Жашоо тиричилик байланыштары бирге жашаган эки же андан көп улуттардун маданиятындагы окшоштуктар кадыресе көрүнүш катары сыпатталат. А.Н. Бернштам белгилегендей кыргыздардын ата-бабалары Фергана менен, казактардын ата-бабалары Сыр-Дарыя жана Хорезм менен, түркмөндөр Парфия, өзбектер Согда менен тыгыз байланышта болгондугу эске алынууга тийиш [6, 14-б.]. Ошол себептен биз иликтөөгө алган Сүлүктү аймагы да бир нече этностордун маданияттарынын кесилишинде жашап келген. Албетте бул жакындык алардын маданиятында ар тарабынан байкалып турат жана аны биз көңүлгө алууга тийишпиз.

XIX к. аяк ченинде көмүр казууну өздөштүргөн көмүрчү-жумушчулар көмүр кендеринин айланасында дөңсөөлөрдүн боорлоруна мүмкүнчүлүгүн таап /жер төлөөлөрдү куруп жашашкан. Мындай жашоого аз да болсо ылайыкташкан турактардын курулушунун себептери: биринчиден, Сүлүктүдөн алыс турган өз үйлөрүнө барып, кайра келүү мүмүкүндүгү болбогон жумушчулар үчүн ыңгайлуу болгон. Экинчиден, албетте кеңеш бийлиги орногонго чейин көмүрчүлөрдүн жашоо шартын жакшыртуу ошол мезгилдеги көмүр өндүргөн ишкана ээлеринин көз жаздымында калган иш болуп эсептелген. Анын үстүнө бул мезгилде жеринен ажырап жер иштетүү же мал чарбасын жүргүзө албай калган жергиликтүүлөргө көмүр өндүрүү иши, анын артынан тиричилик өткөрүү, аз да болсо жашоолоруна көмөк болгон. Бирок, бул мезгилде көмүрчүлөрдүн негизги бөлүгүнүн шахталардагы жумушу кошумча каражат табуунун гана жолу болгон. Анткени, бул жумушчулар башка чарбалык жумуштарга да жалданып иштешкен. Кийинчерээк гана бул жумушчулар адистешкен көмүрчүлөргө айланышкан. Кыргыз көмүрчүлөрү ылайдан пакса менен жана кесектен курулган жепирейген үйлөрдү курушуп алышкан мындан сырткары жер төлөөлөр (*Жарымы жерге казылып курулат*) же жергиликтүүлөрдүн арасында жарым үй деп аталаган туракты куруу бул аймактагы эл үчүн айрыкча кыштоо мезгилинде ыңгайлуу жана жылуу болгон [1, 42-б.]. Жер төлөөлөр кара үйгө салыштырмалуу жылуу келип аны колдонуу кышкы мезгилде ыңгайлуу болгон. Биз иликтөөгө алган аймакта 1920-30-жж. чейин турак жай салууда кошуна элдердин таасири болгону менен туруктуу курулуш куруу маданияты толук калыптана элек болгон. Башкача айтканда Сүлүктүнүн айланасындагы элдер дагы деле жарым көчмөн жашоо образында турмуш кечиришкен. Ошондуктан, бул аймактарда биринчиден, курулуш технологиясы али өздөштүрүлбөгөн бойдон турса, экинчиден, курулуш материалдарын өндүрүү же жасоо жакшы жолго коюла элек болчу.

Боз үй Сүлүктү жана анын айланасында жашаган калкта *кара үй* деп да аталып келген. Калктын жашоо абалына жараша, тарыхый шартка ылайык көмүрчүлөрдүн турагы да улам өзгөрүп турган. Алгач бул чөлкөмдө жашаган калк кара үйлөрдө, жер төлөөлөрдө ал эми кеңеш бийлигинин келүүсү менен туруктуу типтеги үйлөрдө жашай башташкан. С.М. Абрамзон кыргыздардын боз үйлөрүн окшоштуктарын жана айырмачылыктарын белгилеп, Сүлүктүнүн айланасындагы кесек жана жоо кесек урууларындагы боз үйдүн тышкы көркөмдөп жасалгалоосуна көңүл бурган, анда – «жабдууларды байлоо үчүн жазы ак сызмалар колдонулат; алар түндүктү маңдайкы жана туш жактарын бир нече жолу айланта курчай тартылат жана боз үйдүн жасалгасы болуп турат» – деп белгилеген [1, 140-б.].

Кенеш өкмөтүнүн орношу жана кийинки мезгилдерде Сүлүктүдө келеген орус, чечен, татарлар үй курууда өзгөртүүлөрдү киргизишкен, бирок дагы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



деле эл арасында эски ыкма менен үй куруу колдонулуп келет. Сынч үйлөрдү курууда Фергана өрөөнүнүн элдеринин үй куруу маданиятынын таасири чоң деп айтсак жаңылбайбыз. Анткени, жайлоого жана кыштоого көчүп жашаган кыргыздарга кошуна Кожент шаарынан жана ага караштуу айылдардан келген курууучу-усталар кыргыздардын арасында сынч үй курууну жакшы өздөштүрүшкөн. Сынч үй *пайдубалы* бир же бир нече катар тизилген таштар кыналып тизилип, анын үстүнөн ылай шыбалып, пайдубалдын үстүнөн түз жыгачтар үйдүн формасына ылайык ашталып, мыксыз коюлат. Мындай үйлөр тез-тез болуп турган жер силкинүүлөргө бекем болуп, 10 баллдык жер силкинүүсүнө чейин туруштук бере алат. Мындай үйлөрдү курган тажик жана өзбек усталарынын келүүсү Сүлүктү көмүр кендеринин айланасында алардын отурукташып жашап калуусун шарттаган. Сүлүктү кендеринде көмүрчүлөрдүн турак жайынын курулуусу Кыргызстандын түштүк-батышындагы жашаган элдин үй куруу маданиятынан бир аз айырмачылыктары (*терезелер, эшиктердин аздыгы жана алардын көлөмү кичирээк болот*) болгону менен басымдуу бөлүгү окшош курулуштар. Ал үйдүн бөлмөлөрү үчтөн ашпаган, кире бериши *дализ,* кийинки бөлмө *ашкана,* ага удаалаш кирген эшиктен *ички үй* башкача айтканда конок үйлөр болгон [АТМ. Сүлүктү шаары, Баткен шаары, Кадамжай району, Лейлек району 2014, 2015]. Жыгачтан кынап сынч үй курууунун технологиясы да бүгүнкү илимде иликтөөгө алына турган, курулуш тарыхы боюнча жаңы багыт боло алат. Сүлүктүдөгү мындай үйлөр жана шахтерлордун турмуш тиричилигин «Түпкүрдөгү нур» аттуу чыгармада даана жеткире берген. Аталган чыгармадан ошол мезгилдеги шахтерлордун турак жайын кийинки мезгилдеги үйлөрдүн курулушу менен салыштыруу мүмкүн. Анткени андагы жазылган окуялар ошол кездеги шахтерлордон алынган маектердин негизинде жазылып, алардын турагы, социалдык абалы, көйгөйлөрү, эрдиктери толук чагылдырылган [1, 41-б.].

Кыргызстандын аймагында 1917-ж. революциядан кийин туруктуу айыл-кыштактар пайда боло баштаган. Мурдагы көчүп жашаган көчмөндөрдү отурукташтыруу маселесине кеңеш өкмөтү тараптан олуттуу көңүл бурулганы белгилүү. 1957-62-жж. Сүлүктүдө көп кабаттуу үйлөр өсүп чыккан, эми алардын көркөмдүүлүгү да эсепке алынып, курулуштар жүрө башталганын байкоого болот. Шахтер-көмүрчүлөрдүн турмуш-тиричилигин изилдеген К.Мамбеталиева шахтер-көмүрчүлөрдүн үйлөрүн төрт типке бөлүү менен караган. Биринчиси, Фергана өрөөнүнүн жашоочуларынын үй куруу түрү, бул үй курууну түрү кесек менен куруу болгондуктан, «мындай үйлөрдү куруу колдонулбай калган» - деп жазган [1, 38-б.]. Бирок, автор мындай үйлөр курулбай калган деп жазганы менен кийинчерээк СССР кулаган мезгилден тартып кесек менен тургузулган үйлөр кайрадан эле бүгүнкү күнгө чейин курулуп келе жатат. Экинчи тиби – бул 1950-ж. пайда болуп, өзүнүн көп бөлмөлүүлүгү, чарба буюмдарына обочолонгон кааналарынын бардыгы менен айырмаланган үйлөр. Бул типтеги үйлөргө эми цементтен пайдубал кура башташкан, ал эми мурда пайдубал жалаң таштардан кыналып курулган. Таштар менен кыналып курулган пайдубалдарды куруу да эгемендүүлүк мезгилинде кайрадан жанданган. Ошондой эле мурдакыдан айырмаланып терезелердин көлөмү да чоңойгон. Үчүнчү түрүнө - эки кабаттуу көп бөлмөлүү үйлөр кирет. Бул түрдөгү үйлөр 1930-1960-ж. көп курулган. Ал эми төртүнчү түрү – бул 1960-жж. баштап көп кабаттуу бардык шарттары менен курулган үйлөр кирет. Ушул 1960-1970-жж. курулган көп кабаттуу үйлөр бүгүнкү Сүлүктү шаарындагы имараттардын көп бөлүгүн түзөт.

Көмүр кендеринин айланасына жайгашып туруктуу жашоого бет алган элдин турмушунда турак жайларды куруу өзгөргөнү менен ички жасалгаларында элдик этномаданиятынын көп элементтери сакталып кала берген. Ошентип, XIX-к. экинчи жарымынан тарта Сүлүктүдө көмүр казуудан башталган жумуш, бул аймакты ири көмүр кенине айландырып, кенчи-жумушчулардын тобу түзүлгөн, жумушчулардын шаарчасы түптөлгөн.

**Адабияттар:**


1. Эгемназаров Д.Э., Эралиев Ы.С. Зарождение и развитие угольной промышленности кыргызстана в конце XIX - в начале XX веков (на примере юго-запада республики). Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2007. №. 3-4. С. 101-103.
2. Абрамзон С.М. Кыргыздар жана Кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер «Сорос» фонду, Б., 1999.
3. КР БМА ф.1445, оп.11, КР БМА ф.56, оп.4, д. 95, л. 106
4. СшМА ФондN: 7, Опись:N:1, ДелоN:582, связька, 245-бет.
5. Мадаминов Г. Сүлүктү шаарынын кыскача тарыхы 1-бас.– Б.: «Билим компьютер», 2009.
6. Бернштам, А. Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана Т. II.-Б.: Айбек, 1998. – С. 155-318.